# Суу



Автор: Кубанычбек Аркабаев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

# Суу

Автор: Кубанычбек Аркабаев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Суу" (кыргыз тилинде), автор Кубанычбек Аркабаев, сүрөтчү Эльдар Есиналинов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Айым апа  менен Касен жашаган үйдүн суу чоргосу бузулуп, суу тынбай ага баштады. Буга Касен маани берген жок. “Акса, аксын, суу түгөнмөк беле”, –  деп ойлоду. Ал эми чоң энеси буга өтө тынчсызданып, чоргону катуу бурап жапканга аракет кылды. Бирок бир азга токтоп туруп эле, суу кайрадан темир раковинаны кыңгыратып тамчылай баштачу. Ошол күнү чоң эне экөө базарга барып, жаңы чорго сатып келишти. Бирок Касен аны өзү алмаштыра алмак эмес. Андыктан кимдир бирөөлөрдүн жардамы керек болчу. Ал мындай иште дайым жардам бере калчу кошуна байкелердин эшигин какты. Бирок алар үйүндө эмес экен.


– Чоң апа, капаланбаңызчы. Суу акса, агып турар. Ырыс байке көлдөн келгенде оңдоп берем дебедиби, – деди Касен.

– Сууну минтип коромжу кылганга болбойт. Анын да эсеби бар, балам, – деди чоң эне небересинин башынан сылап.

– Коркпоңуз, чоң апа, суу коромжу болбойт. Суу канча акса да түгөнбөйт. Жердин төрттөн үч бөлүгү суудан турат экен. Ал ушинтип агып кеткени менен кайра эле булут, жамгыр, кар болуп кайтып келет. Муну бизге сабакта эже айткан, – деп божурады Касен.

Ошентип Касен жаңы чоргону алмаштыра турган киши таппай, суу үч күн бою тынымсыз акты.





Төртүнчү күнү чоң энеси Касенди күндөгүдөн эрте ойготту.

– Тур, балам, суу токтоп калыптыр. Көчөгө чыгып суу таап кел, – деди ал.

– Кандайча суу токтоп калат? – деп таң калган Касен ордунан кандай козголгонун билбей калды. Тыңшаса, чын эле үч күндөн бери кулагы көнө түшкөн суунун үнү угулбады. Чын эле суу жокпу? Эмнеге чыкпай калды экен?

Касен бузулган чоргону ишенбегендей бир карап алып, чаканы алып сыртка жөнөдү. Бирок алдынан эки чака көтөргөн кошуна эже чыгып, жакын жерде суу жок экенин айтты. Көрсө, суу түтүктөрүнө оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп жатыптыр. Шаардын ушул тарабында суу өчүрүлүптүр. Айла жок, үйгө кайра кирди.

– Балам, болгон сууну үнөмдөп жуунуп, калганына чай ичип алып сабагыңа бар, – деди чоң энеси.

Касен түш болуп сабак аяктары менен үйгө шашылды. Ал чоң энесинин ачка отурганын элестетти. Суу да издеп чыга албайт. "Эмгиче суу чыкты болуш керек", – деген үмүт менен келди. Ал босогону аттары менен чоң энесинен сурады:


– Суу дагы эле чыга элекпи, чоң эне?

– Чыкты, балам, чыкты, – жайдары жооп берди ал.

– Чыкса, эмнеге тамчылаган үн угулбайт?

– Чорго да оңдолду, – деп кутүүсүз жооп айткан чоң эне жылмайды.





– Чын элеби?! – Касен жаркыраган жаңы чоргону бурап жибергенде шаркырап суу агып кетти. – Оо, сонун!.. Ким оңдоду? Сизби?

– Жок. Жанагы кошуна үйдө жашаган Олег алмаштырып берди. Ал абдан элпек бала экен. Айтсам эле, дароо аспаптарын ала келип оңдоп койду. Өркөнү өссүн! Жолуксаң, сен да рахматыңды айтып кой.

– Макул, чоң эне! Сөзсүз айтам...

Ошол күнү эле Касен интернеттен кургак жердин бир топ бөлүгүн чөл каптап жатарын окуду. Көптөгөн өлкөлөрдө таза суу тартыштыгы бар экенин, алар сууну сатып ичишерин билди. Ошондон кийин анын сууга болгон ою өзгөрдү.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Кубанычбек Аркабаев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- **3.2 деңгээли**

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли